**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО**
**КОМИССИЯСЫ**

723300, Кара-Суу шаары. Ж.Аматов 2
тел: 03232 5-08-80
www.shailoo.gov.kg
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300, г.Кара-Суу ул. Ж.Аматов 2
тел: 03232 5-08-80
www.shailoo.gov.kg
e-mail:adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**№9 Кара-Суу округдук шайлоо комиссиясынын отурумунун**
**№ 6 Чечими**

2024-жылдын 28-апрели Кара-Суу шаары
Саат 20:30

Кара-Суу ОШКнын төрагасы-К.Кимсанов
Кара-Суу ОШКнын катчысы-Ж.Молдожанова
Мүчөлөрү: Султанов Н., Мойдунов Т., Кадыров К., Акимбаев С., Таев А., Абдраимова Э., Мамашев М., Карабаев Т., Раева Ы., Арзиев Э., Абдибаитов К.

1. №9 бир мандаттуу Кара-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкерлер Кубанычбеков Илимбекке карата укук бузуулар кодексинин 455-беренесинин талабына ылайык, Кара-Суу РИИБнын тергөө кызматы тарабынан 2024-жылдын 29-апрелиндеги №2976 сандуу билдирүү катында көрсөтүлгөн материалдарды карoo жөнүндө

1. КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Курбанов Раимжан Кашкар-Кыштак (Ала-Тоо) а-ө Мөнөк айылынын тургундары мечитте бата берип, айыл жаштарын жана башка тургундарын паспортторун жана көчүрмөлөрүн добуш берүү максатында чогултуп жана айыл өкмөт колдоп жаткандыгы;

2. Талапкер Орунбаев Турдубек Тельман участкасынын шайлоочуларына силер менин үгүтөөчүм болдуңар деп накталай 8000сом жана 3000сомдон Мбанк аркылуу которуп берип жаткандыгы жана башка талапкерлерде да ушундай үгүт эрежелерин бузду делип кылмыштын курамы аныкталбагандыктан Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндөгү кодексинин негизинде чара көрүү маселесин чечүү үчүн топтолгон материалдарды карап №9 Кара-Суу округдук шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. №9 бир мандаттуу Кара-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкерлер Кубанычбеков Илимбектин шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу жүрүп жаткан үгүт иштерине байланыштуу Кара-Суу РИИБнын тергөө кызматы тарабынан 2024-жылдын 29-апрелиндеги №2976 сандуу билдирүү катында жана кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү №02-034-2024-001919 сандуу токтомунда көрсөтүлгөндөй кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү Кара-Суу РИИБдин Тергөө кызматынын токтому эске алынсын жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Кара-Суу Округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

Кара-Суу Округдук шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожанов